**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ ЖАНА И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.11.022 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК: 37:373.6:494.3**

**АЙМАНБЕТОВА КАЛБҮБҮ ШАРШЕНОВНА**

# ЛИЦЕЙ-КОЛЛЕДЖ –ЖОЖ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИН УЛАНМАЛУУЛУК ПРИНЦИБИНДЕ ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2012

Диссертациялык иш Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, доцент **Чыманов Жеңишбек Арыпович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, доцент **Биялиев Кутманбек Абакович**

педагогика илимдеринин кандидаты **Эсеналиева Кенжеке**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими, педагогика жана психология кафедралары. Дареги: 721809, Каракол шаары, Ж.Абдрахманов көчөсү, 103

Диссертация 2012-жылдын 28-июнунда саат 13.00 дө Кыргыз билим берүү академиясынын жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.11.022 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25

Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25

Автореферат 2012-жылдын 28-майында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Добаев К.Д.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Эгемендүүлүккө ээ болуу менен бирге, өлкөдөгү билим берүү системасына да олуттуу өзгөрүүлөр, жаңылануулар, реформалар жүргүзүлө баштагандыгы белгилүү. Билим берүүдөгү мындай жаңылоолор, баарыдан мурда, коомдук-социалдык турмушубуздун бардык чөйрөлөрүндө жүрүп жаткан, социалдаштыруу, гумандаштыруу жана ааламдаштыруу процесстеринин суроо-талаптарына жараша болууда. Реформалар билим берүүнүн өзүнө өзгөчө мамиле кылуудан баштап, анын максат-милдеттерин, мазмунун жаңылоо, билим берүү системасынын структурасын кайра карап чыгуу, билим берүү мекемелеринин адистерди даярдоо иштерин структуралык-мазмундук жактан жаңылоого чейинки бардык тармактарды өз ичине алган.

Кыргыз Республикасында билим берүү системасын реформалоо иши 1992-жылы билим Берүү жөнүндөгү жаңы мыйзамды кабыл алуу менен башталып, бүгүнкү күндө да бул багыттагы иш-аракеттер активдүү жүргүзүлүп жатат. Жүргүзүлүп жаткан реформалоо иштеринде бир катар багыттарга, моделдерге, дүйнөлүк тажрыйбаларга өзгөчө маани берилүү менен, аларды өлкөдөгү билим берүү системасына киргизүүгө карата иштиктүү чаралар көрүлүүдө. Республикадагы билим берүүгө берилген маанилүү багыттардын бири катары үзгүлтүксүз билим берүү системасы саналат.

Үзгүлтүксүз билим берүү системасы дүйнөлүк деңгээлде, өнүккөн өлкөлөрдөн тартып, өнүгүп келе жаткан, өнүгүүгө бет алган бардык өлкөлөрдө таалим-тарбия берүүнүн натыйжалуу багыты катары таанылып, анын теориялык-педагогикалык, практикалык-тажрыйбалык негиздерин өнүктүрүүгө аракеттер дайыма жасалып келе жатат. Анткени билим берүүнүн бул багытынын ийгиликтүүлүгү практикада айкындалып, адистерди даярдоодо, жалпы эле таалим-тарбия берүүдөгү артыкчылыктары улам барган сайын даана көрүнүп, көптөгөн өлкөлөрдө таратылууда. Ошондой эле үзгүлтүксүз билим берүүнүн концепцияларын ЮНЕСКО, ЕЭС сыяктуу эл аралык уюмдар да өз иштеринде колдонууда.

1970-жылдан тартып чет өлкөлөрдө үзгүлтүксүз билим берүүнү адамдарга дайыма өзгөрүп туруучу коомго ылайыкташууга мүмкүнчүлүгүн берип, шарт түзгөн, интеграцияланган билим берүү катары кабыл алынып, практикалык иштер жүргүзүлө баштаган.Үзгүлтүксүз билим берүү түшүнүгүнө болгон мындай мамиле, мындай педагогикалык мүнөздөмө бүгүнкү күндө кеңири таанылып, тараган. Педагогика илими үзгүлтүксүз билим берүүнү азыркы учурда төмөнкүдөй түшүндүрүп, аныктайт: «Үзгүлтүксүз билим берүү - ар бир адамды коомдогу актуалдуу жана келечектүү суроо-талаптарды эске алуу менен тарбиялоо, жалпы билим берүү, педагогикалык

жана кесипке даярдоо маселелерин биримдикте чечүүчү, уюштуруу менен мазмундук биримдиктин, уланмалуулуктун өз-ара карым-катнашынын бардык звенолорунун бүтүндүгүн камсыз кылуучу мамлекеттик жана коомдук билим берүү мекемелеринин бирдиктүү системасы"[1]

Бул проблемага П. Аренц, В.В. Арнаутов, А. Вербицкий, Г. П.Зинченко, Н.К. Сергеев, Е.П. Тонконогий, В. Т, Онушкин ж.б. чет өлкөлүк окумуштуулар,А.М. Мамытов, Б.Т. Акулова, ж.б. кыргыз педагогдору кайрылышып, бир катар эмгектерин жарыялашкан. Бул багыттагы билим берүүнүн келечектүүлүгүн толук таануу менен "Кыргыз Республикасында үзгүлтүксүз педагогогикалык билим берүү концепциясы" 2009-жылы иштелип чыгып, колдонууга сунуш кылынган.

Билим берүүдөгү келечектүү мааниге ээ болгон мындай маанилүү маселени окутуу-үйрөтүү процессинде тилге, анын ичинде, кыргыз тилине өзгөчө басым жасап, кыргыз тилин окутууну эреже-аныктамаларды жаттатуунун алкагынан алып чыгып, аны инсанды, инсандын келечектеги кесибин туура тандоого багыттоо зарыл болууда. Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптар, аны окутуунун максаты менен мазмунун жаңылоонун зарылдыгын көрсөттү.

Орто мектептин кыргыз тили мугалимдерин даярдоонун теориялык жана практикалык маселелерин жаңыча чечүү менен жаштарга үзгүлтүксүз кесиптик билим берүүнүн уланмалуулук технологиясын жайылтуунун актуалдуулугу айкындалып,бирок анын лингводидактикалык талаптарынын аныкталбай калгандыгы, "Лицей-колледж-ЖОЖ» системасында билим берүүнү уланмалуулук прицибинде турмушка ашыруу моделинин жоктугу; жогорку класстарда окуучуларды кесипке даярдоодо кыргыз тилин окутуунун илимий-методикалык негиздеринин иштелип чыга электиги; үзгүлтүксүз билим берүүнүн жалпы билим берүүчү мекемелердин шарттарында кесипке даярдоодо жана кесиптик үзгүлтүксүз билим берүүдө баалоо тажрыйбаларынын жоктугу ж.б. аталган маселенин актуалдуулугун тастыктап турат.

Жалпы билим берүүнүн жогорку баскычында окуучуларды кесипке даярдоодо мектеп менен ЖОЖдун ортосунда үзгүлтүксүз билим берүү системасын уланмалуулук принцибинде жүргүзүүнүн, анда кыргыз тилин окутуунун илимий-методикалык негиздерин, өзгөчөлүктөрүн иликтеп, аныктоонун зарылдыгы кандидаттык диссертациялык иштин темасын "Лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздери" деп алууга негиз болду.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги**

[1] Коджаспирова Г.М. , Педагогика: учебник.-М.: КНОРУС, 2010.- 98-б.

**илимий- изилдөө иштери менен байланышы:**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы КМУнун лингвистика институтунун гуманитардык лицейинин, педагогикалык колледжинин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык пландарына туура келет.

**Изилдөөнүн максаты:**

Лицей- колледж- ЖОЖ үзгүлтүксүз билим билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун азыркы талаптарга жооп берген илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу жана аларды эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү, колдонууга сунуш кылуу.

Изилдөөнүн максатын ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлат:

- үзгүлтүксүз билим берүүдөгү уланмалуулук принцибинин аткарылышынын теориядагы жана практикадагы азыркы абалын талдоо аркылуу анын илимий-педагогикалык негиздерин аныктоо;
- лицей, колледжде кыргыз тилин өнүктүрүүчүлүк окутуу аркылуу инсанды калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо;
- лицей, колледжде кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий- методикалык негиздерин, т.а. талаптарын, моделдерин иштеп чыгуу;
- изилдөөдөн алынган жыйынтыктарды эксперименттик сыноолордон өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- үзгүлтүксүз билим берүү системасында уланмалуулук принцибин колдонуунун теориядагы жана практикадагы азыркы абалы талдоого алынып, алардын негизинде аталган түшүнүктөрдүн илимий-педагогикалык негиздеринин тастыкталышында;

- лицей-колледждерде кыргыз тилин өнүктүрүүчүлүктө окутуу менен инсанды калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын иштелип чыгышында;

- лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргызтилин окутуунун мазмунунун аныкталышында;

- лицей, колледждерде кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздеринин азыркы талаптарга шайкеш иштелишинде;

- алынган натыйжалардын эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүлүп, практикада колдонууга сунуш кылынышында;

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

Лицей, колледж, ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасынын иштелип чыккан модели билим берүүнү, адистерди даярдоону ушул системада жүргүзүп жаткан ыкма ЖОЖдорго теориялык жана практикалык жактан

көмөк көрсөтө алат. Аталган системада кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутууда иштелип чыккан инновациялык бир катар технологиялары, каражаттары окутуу процессин активдештирүүгө, мыкты натыйжаларга жетишүүгө кызмат кылат.

Изилдөө ишинин жүрүшүнөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан методикалык сунуштар, билим берүү программалары кесип тандоого багыт алган окуучуларга билим берүүгө, мектептерде, орто кесиптик окуу жайларда жана ЖОЖдордо квалификацияны жогорулатууда колдонсо болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- үзгүлтүксүз билим берүү системасы Кыргыз Республикасында турмушка ырааттуу ашырылып, бир катар теориялык жана практикалык маселелери чечилип, бул багытта окутуунун артыкчылыктары аныкталууда. Ошондуктан кыргыз тилин лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында натыйжалуу окутуу үчүн, баарынан мурда, окуучунун орто мектептеги коммуникативдик компетенциясы менен жогорку окуу жайында окутууда талап кылынган компетенциянын ортосундагы ажырымды, дал келбөөчүлүктү жоюу керек, ал үчүн орто мектеп менен ЖОЖдун ортосундагы уланмалуулук принцибинде окутууну камсыз кылуучу звено катары лицей, колледж звенолорду сунуш кылынат;

- лицей, колледждерде кыргыз тилин окутууда инсанды калыптандыруунун педагогикалык негиздери болуп кыргыз тилин проблемалык, кептик кырдаалдар жана чыгармачылык багыттагы кептик тапшырмалар аркылуу өлкөтаануу, коммуникативдик компетенцияларды өнүктүрүү саналат;

- лицей, колледждерде кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутууда инсанды калыптандырууга өзгөчө маани берилет. Уланмалуулук принцибинде окутуу иштери окутуунун максатын жана мазмунун так аныктап алуудан башталып, окуу китептерин, көнүгүүлөрдү, тексттерди тандоо менен интерактивдүү методдорду, коммуникативдик оюндарды колдонуу менен окутуу талабы коюлат;

- үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун бул изилдөөдө иштелип чыккан илимий–методикалык негиздеринин алгылыктуу жана натыйжалуу тыянактары лицей- колледж –ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасынын келечектүүлүгүн тастыктайт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**:

Изилдөөдөгү теориялык тыянактар жана практикалык сунуштар, ошондой эле тажрыйбалык–эксперименттердин, иш-чаралардын бардыгы изденүүчү тарабынан жекече иштелди.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:**

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча республикалык жана эл аралык или-

мий- практикалык конференцияларында илимий баяндамалар жасалды. Кыргызстандын, Казакстандын илимий журналдарында макала түрүндө жарыяланды.

Изилдөө ишинин эксперименталдык - тажрыйба базасын И. Арабаев атындагы КМУнун Лингвистика институту? гуманитардык лицейи, чет тилдер колледжи, жана БГУнун Үзгүлтүксүз билим берүү институтунун колледжи түздү.

Изилдөө иши **үч баскычта өткөрүлдү**.

**Биринчи баскыч 1999-2002-жылдарда** тема боюнча психологиялык, педагогикалык, философиялык жана социологиялык адабияттар окуп, үйрөнүлдү, "мектеп-колледж- ЖОЖ" үзгүлтүксүз кесиптик билим берүүнүн шартында уланмалуулук принцибинде кыргыз тилин окутууну теориялык негиздери аныкталды. Изилдөө ишинин илимий божомолу түзүлдү.

**Экинчи баскыч 2002-2005-жылдары** изилдөө ишинин жалпы концепциясы жана анын илимий аппараты иштелип чыкты .

Жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарынын окуучуларын кесип тандоого даярдоодо Лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында уланмалуулук принцибинде кыргыз тилин окутуунун модели түзүлдү. Кыргыз тилин окутуунун алгылыктуу формалары, ыкжолдору иштелип чыгып, сыноолордон өткөрүлдү.

**Үчүнчү баскыч 2006-2012-жылдары к**есиптик билим берүүнүн теориялык негиздери менен аутентикалык баалоо иштелип (портфелио методу), окуучуларды кесипке чейинки жана кесипке даярдоого тандоонун критерийлери алардын ылайыктуу мүнөздөмөлөрүнө жараша негизделди жана кыргыз тилин тереңдетип окуткан атайын класстардын жана мекемелердин иштерин тажрыйба жүзүндө жайылтуу, Лицей-колледж-ЖОЖ уланмалуулук модели жогорку класстын окуучуларын кесипке даярдоо процессинде апробацияланды.

Окуучуларды кесип тандоого даярдоонун сунуш кылынган педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугу айкындалды. Эксперименталдык тажрыйба иштери жыйынтыкталды жана методикалык сунуштар чыгарылды, кандидаттык диссертациянын соңку тексти даярдалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:**

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча ар кыл илимий жыйнактарда, журналдарда 10 илимий макала жана 4 окуу куралы жарык көрдү.

**Изилдөөнүн көлөмү жана түзүлүшү:** диссертациялык иш изилдөөнүн илимий аппаратын камтыган киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган 247 маалымат булактардын тизмесинен турат. Жалпы көлөмү- 170 бет.

**Киришүү бөлүмүндө** теманын актуалдуулугу жана изилдениш деңгээ-

ли, проблемалуулугу, максаты, милдеттери аныкталып, изилдөөнүн объектиси, предмети, илимий божомолу, коргоого алып чыга турган жоболор аныкталды. Изилдөөнүн апробацияланышы, изилдөө этаптары, жүрүшү тууралуу маалыматтар берилди.

**Биринчи глава** "Лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинин негизинде окутуунун жалпы маселелери"- деп аталып, анда үзгүлтүксүз билим берүүнүн педагогикалык табияты жана келечеги, үзгүлтүксүз билим берүү системасындагы уланмалуулук принцибинин орду жана мааниси, Лицей-коледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасындагы жаңы типтеги билим берүүчү мекеме экендиги, лицей, колледжде кыргыз тилин өнүктүрүүчүлүк окутуу аркылуу инсанды калыптандыруунун дидактикалык негиздери изилденди.

**Экинчи глава** "Кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздери" деп аталып, анда үзгүлтүксүз билим берүү системасында тилдерди уланмалуулук принцибинде окутууну уюштуруу маселеси; коммуникативдик оюндарды уюштуруу жана өткөрүүнүн инварианттуу моделинин технологиясы аныкталды.

**Үчүнчү глава** "Педагогикалык, эксперименттердин мазмуну жана жыйынтыктары" деп аталат. Мында тажрыйбалык окутууну уюштуруу, калыптанган коммуникативдик жана маданий компетенцияларды текшерүү, кыргыз тилин окутууга сунуш кылган методдорду эксперементалдык текшерүү, коммуникативдик жана социомаданияттык компетенциянын түптөлүшүн текшерүү ишаракеттери жүргүзүлдү.

**Корутундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары жалпыланып, изилдөөдөн улам келип чыккан илимий-методикалык сунуштар берилди.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну**

Диссертациянын биринчи главасы: **"Лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинин негизинде окутуунун жалпы маселелери"-** деп аталып, төмөнкү маселелер каралды.

Үзгүлтүксүз билим берүү системасынын шарттарында салттуу билим берүүгө коюлган талаптардан сырткары, инсандын жашоосу, ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон бир катар көндүмдөрдү, баалуулуктарды калыптандырууга багытталгандыгы менен өзгөчөлөнүп, бул багытта билим берүүнүн ашкере зарылдыгы жана келечектүүлүгү айкын көрүнүп турат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатында, бул багыттагы иштеринде жаңылануулар активдүү түрдө жүргүзүлүп жаткандыгы белгилүү. Бул багыттагы мамлекеттик деңгээлдеги реформалоо иштеринин соңкусу жана орчундуусу катары белгилүү педагог-окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан: «Кыргыз Республикасында үзгүлтүксүз педагогикалык билим

берүү концепциясын» көрсөтүүгө болот. Биздин пикирибизче, бул концепция үзгүлтүксүз билим берүү боюнча теориялык жана практикалык соңку жетишкендиктерге таянуу менен өз учурунда иштелип чыккан[1].

Концепцияны иштеп чыгуучулар үзгүлтүксүз билим берүүгө өзгөчө маани беришип, аны билим, тарбия берип, адистикке даярдоонун жаңы багыты болуу менен бирге коомдук чөйрөлөрдү кайра курууга да кызмат кылуучу система катары даана көрсөтүшкөн. Ошону менен бирге, үзгүлтүксүз билим берүүнү коомдун өзүн кайра куруучу, жашоо- турмушту жакшыртуучу күч катары карашып, анын максаттарын жетиге бөлүп аныкташкан.

Үзгүлтүксүз билим берүү системасынын артыкчылыктары жана келечектүүлүгү (перспективасы) боюнча тиешелүү маалыматтарга таянуу менен төмөнкүлөрдү айтууга болот:

- 21 - кылымдагы билим берүү багытындагы теориялык жана практикалык иш-аракеттерде үзгүлтүксүз билим берүү системасы өтө ийкемдүү жана натыйжалуу деп таанылган;

- үзгүлтүксүз билим берүү инсанды коомдогу, турмуштагы өзгөрүүлөргө, суроо-талаптарга, жеке принциптерге карата жеке ишмердүүлүктү жөнгө салуучу система болуп саналат;

- үзгүлтүксүз билим берүүнү кеңири жайылтуу менен Кыргызстандагы билим берүү системасы, реформалоо иштери тездейт жана жогорку натыйжаларга жетишүүгө болот;

- инсанды өмүр бою үйрөнүүгө, өз алдынча билимин жогорулатууга ынгайлуу шарт түзө алат;

Уланмалуулук принцибинин негизинде үзгүлтүксүз билим берүүнү уюштуруп, натыйжалуу жүргүзүү үчүн төмөнкү талаптар аткарылууга тийиш:

1) Кыргыз тилин «Лицей-колледж-ЖОЖ» системасында окутууну ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн орто мектептеги коммуникативдик компетенциянын түптөлүш деңгээлин жогорку окуу жайында окутууда талап кылынуучу компетенциянын деңгээлинин ортосундагы дал келбөөчүлүктү жоюу керек. Окуучуну жогорку окуу жайынын шартына көнүүнү татаал

1- Мамытов А. Концепции непрерывного педагогического образования в Кыргызской республике. Известия КАО, 2009. №1.С.3-9.

даштырган себептерди жоюу, абитуриентти мектептен даярдоо талаптарынын айырмачылыгын кароо, жогорку окуу жайына өтүүгө окутуунун өзгөчө формасын уюштуруу, жекече ишти уюштуруунун башка жолдорун издөө талабы коюлат.

2) Мектеп, колледж менен жогорку окуу жайынын ортосунда уланмалуу

окутууну камсыз кылуучу звеносу катары  лицей, колледж эсептелет.

Сүрөт 1.1.-Лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасы




3) Лицейде, колледжде окутуунун максаты болуп лицейисттин, колледждин студентинин жекече инсан болуп калыптанышына өбөлгө болуп чыгармачылык өз алдынчалыгы эсептелет. Өзүн инсан катары калыптандыруунун ички каражаты болуп кыргыз тили кызмат кылат.

4) Өнүктүрүп окутуунун методикалык негизи болуп лицейдин окуучусунун, колледждин студентинин инсан болуп калыптанышынын психологиялык маселелери саналат.

5) Кыргыз тилин өнүктүрүп окутууну натыйжалуу жүргүзүүнүн негизи болуп проблемалуу кептик кырдаалдар жана чыгармачылык менен берилген тапшырмалар эсептелет.

Окуу процессинде өлкө таануу багытында колдонуу, биринчи кезекте коммуникативдик компетенцияны өнүктүрүү процессинде лингвоөлкөтаануу компетенциясын ичине камтыган социомаданияттык компетенцияны түзүү максатын көздөйт.

**“Кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздери”** деп аталган экинчи глава боюнча изилдөөлөр төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга негиз болду.

1. Кыргыз тилин проблемалык методдор менен өлкөтаануу багытында окутуу кызыгууну жогорулатат. Лицейдин окуучуларынын билими жана башталгыч көндүмдөрүнүн деңгээлдери жакшырат.

2. Кыргыз тилин окутуу методикасынын канааттандыруу индексинин эсептөө жыйынтыгы боюнча лицейисттер коммуникативдик оюндарды колдонуу менен жүргүзүлгөн процессине активдүү катышып, сабактын натыйжалуулугу жогорулап, окуу, үйрөнүү иштерине чыгармачылык менен мамиле жасаганга көнүгүшөт.

3. Лицейдин окуучуларынын, колледждин студенттеринин монологдук

жана диалогдук сүйлөшүүсү өлкөтаануунун материалдарын талкуулоо активдүү жекече өздөштүрүүгө жардам берип, тилдик материалдардын (грамматикалык жана лексикалык) жана тиешелүү өлкө таануу маалыматын тереңирээк үйрөнүүгө шарт түзөт.

4. Лицейдин, колледждин группаларында иштелип чыккан кыргыз тилин окутуунун ык-жолдорун пайдалануу окуучуларды кептин монологдук жана диалогдук формаларында сүйлөөгө үйрөтүүнү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берди. Университетте тажрыйбалык окутууну жүргүзүүдө лицейдин жана колледждин бүтүрүүчүлөрүнөн түзүлгөн группалар лингвистика кафедрасынын биринчи жана үчүнчү курсунун арасында студенттердин билим деңгээлин аныктоо үчүн өткөрүлгөн диагностикалык тесттен жогорку натыйжаларга ээ болушту.

5. Дидактикалык-коммуникативдик оюндар окуучуларда коммуникативдик компетенциянын калыптанышына оң таасирин тийгизгендигин тастыктады.

Кыргыз тилинде жүргүзүлгөн диалогдор табигый коммуникациялык мүнөздө болуп, окуучулардын, студенттердин айткан сөздөрүнө көбүнчө стимул кылуучу фразалар киргизилди, түгөйлөрдүн репликаларына толугу менен адекваттуу мүнөздөгү реакция кылууга көнүгүүгө жетишишти.

ЖОЖ системасында кыргыз тилин окутууда уланмаалуулук принцибин колдонуу толугу менен лицейдин бүтүрүүчүсүн, колледждин студентин университетке окууга даярдоого багытталат.Уланмалуулук принцибиде окутуу 3 баскычта жүргүзүлөт.

**1-баскыч**

| **Лицейдин окуучусу кыргыз тили боюнча төмөндөгүдөй көндүмдөргө ээ болууга тийиш:** |
|---|
| I. 1. Окуганды жана так сүйлөөнү; 2. Тексттердин фрагменттерин, диалогдорду, ырларды көркөм окууга үйрөнүү; 3. Тексттин негизги мазмунун, темасын аныктоого үйрөнүү; 4. Окуганын кыскача айта билүү; 5. Каталарды таба жана оңдой билүү; II. 1. Өзүнүн окуу-коммуникативдик чыгармачылыгын өз алдынча пландоону жана аны көргөзүүнү билүү; 2. Ар кандай маалымат материалдарынан пайдалана билүү (сөздүктөр, комментарий ж.б.); 3. Коммуникативдик маселелерди чечүү үчүн тилдик жана кептик минимумдук ыкмаларын билүү; 4. Окуган тексттерине ар түрдүү варианттагы пландарды түзүү жана жаза билүү; 5. Билгенин жалпылаштыруу, фактыларды системалаштыруу; 6. Коллективдик талкууга катышуу; 7. Алынган информациянын негизинде фактыларга таянып жыйынтык чыгаруу жана ага өзүнүн баасын бере билүү; III. 1. Берилген тексттен керектүү маалыматты табуу; 2. Оозеки сүйлөөгө үйрөтүү; 3. Эл алдында рефераттын, тезистин планынын жардамы менен билдирүү жасоо; 4. Берилген программанын негизинде тематика жана пи- |

| |
|---|
| кир алышуу чөйрөсүндө Кыргызстандын өзүнчө аспектилерин билүү (жаштар уюму, массалык маалымат каражаттары, экологиялык проблемалар ж.б.). 5. Берилген программанын тематикасында улуттук маданияттын ар түрдүү аспектин салыштыруу жана талкуулоону билүү; |

**2-баскыч**

| **Колледждин бүтүрүүчүсү төмөндөгүлөрду билүүгө тийиш:** |
|---|
| 1. Кыргыз тилинин адабий нормасын оозеки жана жазуу кептеринде колдоноо билүү; 2. Ар кандай жанрдагы тексттерди түзүүнүн эрежелерин билүү; 3. Өзүнүн кебин тилдик, коммуникативдик жана этикалык нормаларга ылайык түзө билүү; 4. Жазуу жана сүйлөө кебинин өзүнүн каталарын жана кемчиликтерин четтетүү; 5. Кыргыз тилинин сөздүгүн колдоно билүү;<br>Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде студенттерди коммуникативдик -кесиптик компетенцияга үйрөтүү, аларды тилди алып жүрүүчүлөр менен бирдикте күнүмдүк турмушта, маданият жана окуу-кесиптик ж.б. шарттарда баарлашууга көнүктүрүү;<br>Кыргыз тили боюнча орто звенодогу квалификациялуу кадрларды даярдоонун максаты болуп коммуникативдик - маданият аралык жана кесиптик компетенцияларды андан ары өнүктүрүү, өздүк, маданияттык жана кесиптик байланышты тилди алып жүрүүчүлөр менен тажрыйба алмашуу, ишке байланыштуу кат аркылуу байланыштарды түзүүсаналат. |

**3-баскыч**

| **ЖОЖдун бүтүрүүчүсү төмөндөгүлөрду билүүгө тийиш:** |
|---|
| -Кыргыз тили боюнча сунуш кылынган лексикалык жана грамматикалык минимумдарды толук өздөштүрүп, өз кебинде колдоно билүү;<br>-кыргыз адабий тилинин нормасында пикир алышып, баарлаша алуу;<br>-кыргыз тилинде ар түрдүү стилдерде жазылган тексттерди окуп-түшүнүү, талдоо, айтып берүү;<br>-кыргыз тилинде текст түзө алуу жана сабаттуужаза билүү;<br>-кыргыз кеп маданиятынын негиздерин билүү жана өз кебинде пайдалана билүү; |

Кыргыз тилин тажрыйбалуу окутуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштери анын төмөнкүдөй алгылыктуу жактары бар экендигин көрсөттү:

1. Лицейде, колледж, ЖОЖдо кыргыз тилин окутуу, жазуу максаттуу сүйлөшүүдөн туруп, коммуникативдик, дидактикалык оюндар зарылдыкка жараша «лицей-колледж-ЖОЖ» системасында уланмалуулук принцибинин

негизинде жүргүзүлүшү керек.

2. Кыргыз тилин лицейде, колледжде, ЖОЖдо окутууну уланмалуулук принцибинин талаптарын сактоо менен иш алып баруу, дүйнө таануучулук багытта коммуникативдүү компетенцияны негиздөөгө өбөлгө түзөт.

**“Педагогикалык эксперименттердин мазмуну жана жыйынтыктары”** деп аталган үчүнчү главада “ Лицей- колледж – ЖОЖ “ системасында кыргыз тилин окутууда уланмалуулук принцибин колдонуунун негиздерин т.а талаптарын аныктап, илимий моделин түздүк, окуу процессин уюштурууда өзгөчө кыргыз тилин окутууда уланмалуулукту камсыз кылууда окутуунун мазмунуна, ык-жолдоруна, окуу куралына өзгөчө маани берүү зарылдыгын белгиледик.

Изденүү учурунда кыргыз тилин уланмалуулукта окутууда мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн коммуникативдик компетенциясын баскычтар боюнча калыптанышын эске алуу зарыл экендигине ынандык.

Окуучуларга, студенттерге системалуу уланмалуулукта терең билим берүүдө кыргыз тили боюнча коммуникативдик компетенцияны өнүктүрүү, окуу - тарбия процессин оптимизациялоо аркылуу кыргыз тилин окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу менен жандуу пикир алышуу аркылуу гана жетишүүгө боло тургандыгы тастыкталды.

Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары үйрөтүү процессинде дидактикалык оюндарды колдонуунун мааниси, ролу жана ык - жолдору тууралуу изилдөө иштерин жүргүзүү активдеше баштады, эгерде дидактикалык оюндар коммуникативдик негизде сабактын максаты менен мазмунуна жараша ыктуу колдонуунун максаты так сакталып, мыкты уюштурулса, окутуу, үйрөтүү иштери натыйжалуу боло тургандыгы далилденди. Ал үчүн конкреттүү тема боюнча белгилүү өлчөмдөгү аутентикалык чөйрөнүн моделин түзүп, колдонуу керектигин практика көрсөттү.

Эксперименттик иштерди лицейде, колледжде жана ЖОЖдо кыргыз тилин аталган принципте окутуунун шартында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү текшерилип, аныкталды.Уланмалуу окутуунун жүрүшү жана анын жыйынтыгы оң натыйжа берди.

Лицейдин жана колледждин группаларында жыйынтыктоочу текшерүү экзамендери жүргүзүлдү, анда:

- коммуникативдүү компетенциянын лингвистикалык компетентинин фонетикалык, грамматикалык, лексикалык калыптануусунун деңгээли аныкталды;

- тилдик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү менен лицейдин окуучуларынын, колледждин студенттеринин коммуникативдик компетенциялары аныкталды.

- жазуу түрүндө лицейдин окуучуларынын эске тутууга болгон

жөндөмдүүлүгү дилбаян аркылуу текшерилди. - оозеки кепте лицейдин окуучуларынын кеби жана кабыл алуусу (монолог, диалог, изложение дилбаян, сүрөттөө, талдоо ж.б.) жандуу кептик ишмердүүлүгүнүн негизинде текшерилди;

Тажрыйбалык окутуунун максаттуу 3 баскычын уюштуруу сунуш кылынды :

Биринчи баскычта:

- объективдүү жана субъективдүү факторлорду ачуу, оозеки пикир алышууну бөлүп көрсөттүү максаты менен маданият аралык коммуникативдүү окутуу өлкө таануу багытынын негизинде ишке ашырылды.

Экинчи баскычта:

- тажрыйбалуу окутууну ишке ашыруу үчүн окуу программалары даярдалды;.

- тематикалык колдонмолордун комплекси: лексикалык минимум, көнүгүү, машыгуу үчүн баскычты пландаштыруу, мугалимдер үчүн иштелип чыккан методика менен камсыз кылынды.

Үчүнчү баскычта:

- изилдөөнүн алдына коюлган гипотезалар текшерилди;

- өлкө таануу багытында берилген тесттер талкууланды;

-кыргыз тилин окутууга сунуш кылынган ык-жолдордун натыйжалуулугу аныкталды.


Алынган маалыматтар жогорудагы критерийлердин, мүнөздөмөлөрдүн жардамы менен талдоого алынды жана жыйынтыктар чыгарылды. Тажрыйбалуу окутуу гуманитардык лицейде, чет тилдер колледжинде, лингвистика институтунда ишке ашырылды.


Таблица 3.1. Эксперименттердин жыйынтыктары

| **Көзөмөлдөгү топтор** | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Гуманитардык лицей** | | | | | | | | | | | |
| Топтор | 8-А класс | 9-А класс | 10-Б класс | 11-В класс | | | | | | | |
| Грамматикалык | 18% | 17% | 19% | 18% | | | | | | | |
| Коммуникативдик | 20% | 19% | 21% | 22% | | | | | | | |
| Өлкөтаануучулук | 22% | 23% | 24% | 25 % | | | | | | | |
| Алынган жыйынтык | 60% | 59% | 64% | 65% | | | | | | | |
| Жалпы жыйынтык | **62 %** | | | | | | | | | | |
| **Чет тилдер колледжи** | | | | | | | | | | | |

| Топтор | ИЯ-101 | ИЯ-102 | КИЯ-106 | ПНК-109 | КТ-110 | ИЯ-201 | КИЯ-304 | ИЯ-401 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Грамматикалык | 18% | 16% | 17 % | 18% | 18% | 18 % | 20 % | 20 % | | | | |
| Коммуникативдик | 18% | 18% | 18 % | 20% | 20% | 20 % | 22 % | 25 % | | | | |
| Өлкөтаануучулук | 20% | 22% | 22 % | 23% | 23% | 22 % | 25 % | 28 % | | | | |
| Алынган жыйынтык | 56% | 56% | 57 % | 61% | 61% | 60 % | 67 % | 73 % | | | | |
| Жалпы жыйынтык | **61,375 %** | | | | | | | | | | | |

| **Лингвистика институту** | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Топтор | АРК-301 | АР-31 | АИ-1-09 | АИ-4-09 | НИ-1-09 | ПА-1-09 | | | - | - | - | - |
| Грамматикалык | 20% | 17% | 16% | 18% | 18% | 20% | | | - | - | - | - |
| Коммуникативдик | 22% | 22% | 23% | 23% | 22% | 23% | | | | | | |
| Өлкөтаануучулук | 26% | 24% | 25% | 25% | 25% | 26% | | | | | | |
| Алынган жыйынтык | 68% | 63% | 64% | 66% | 65% | 69% | | | | | | |
| Жалпы жыйынтык | **65,83%** | | | | | | | | | | | |







1-сүрөт.

Таблица 3.2.

| **Эксперименталдык топтор** | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Гуманитардык лицей | | | | | | | | | | | | |
| Топтор | 8-Б класс | 9-Б класс | 10-А-класс | 11-С-класс | | | | | | | | |
| Грамматикалык | 20% | 20% | 22% | 22% | | | | | | | | |
| Коммуникативдик | 25% | 22% | 25% | 25% | | | | | | | | |
| Өлкөтаануучулук | 28% | 28% | 28% | 28% | | | | | | | | |
| Алынган жыйынтык | 73% | 68% | 73% | 75% | | | | | | | | |
| Топтор боюнча балл | **72,25 %** | | | | | | | | | | | |
| **Чет тилдер колледжи** | | | | | | | | | | | | |
| Топтор | ИЯ-103 | ИЯ-102 | КИЯ-107 | ПНК-108 | КИЯ-205 | ИЯ-206 | ИЯ-303 | ИЯ-403 | | | | |
| Грамматикалык | 20% | 26% | 27% | 21% | 22% | 25% | 27% | 29% | | | | |
| Коммуникативдик | 22% | 23% | 22% | 23% | 24% | 28% | 25% | 28% | | | | |
| Өлкөтаануучулук | 25% | 26% | 22% | 28% | 25% | 30% | 24% | 22% | | | | |
| Алынган жыйынтык | 67% | 75% | 71% | 72% | 71% | 83% | 76% | 79% | | | | |
| Топтор боюнча балл | **74,25** | | | | | | | | | | | |
| **Лингвистика институту** | | | | | | | | | | | | |

| Топтор | АКК-30 | НК-31 | КА-1-09 | ДИЯ-1-11 | ПА-3-09 | АИ-3-09 | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Грамматикалык | 30% | 29% | 30% | 28% | 26% | 28% | | | | | | |
| Коммуникативдик | 25% | 22% | 27% | 30% | 28% | 27% | | | | | | |
| Өлкөтаануучулук | 30% | 30% | 28% | 28% | 30% | 35% | | | | | | |
| Алынган жыйынтык | 85% | 81% | 85% | 86% | 84% | 90% | | | | | | |
| Топтор боюнча балл | **85,16%** | | | | | | | | | | | |




2-сүрөт.

Лицейде уланмалуулук ыкмасын жүргүзгөн эксперименталдык класстардын окуучулары колледждин 2-курсуна, ал эми, колледждин эксперименталдык топтору ЖОЖдун 3-курсуна отургузулду. Бул процессти ишке ашыруу үчүн эксперименталдык окутуунун шартында окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн, билгичтиктерин, көнүмдөрүн, ой жүгүртүүсүн аныктоо максатында окуучуларга текшерүү иштери берилди.

**Изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары:**

1.Үзгүлтүксүз билим берүү системасы бүгүнкү күндө өнүккөн, өнүгүп келе жаткан жана жаңыдан өнүгүүгө бет алган бардык өлкөлөрдө билим берүүнүн, табиялоонун, кесип тандоонун жана кесипке ээ болуунун алда канча эффективдүү багыты катары таанылып, анын теориялык, практикалык

негиздерин өркүндөтүүгө, билим берүү системасына кеңири киргизүүгө активдүү аракеттер жасалып жатат. Кыргыз Республикасында да окутуунун бул багытына өзгөчө маани берилип, бир катар жогорку окуу жайларында, мисалы, И.Арабаев атындагы КМУда, Ж.Баласагын атындагы КУУда, К.Карасаев атындагы БГУда ж.б. лицей, колледждер ачылып, бир катар теориялык, практикалык маселелер чечилүүдө. Ошол эле учурда лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин окутуунун бир катар орчундуу маселелерди, атап айтсак, типтүү окуу пландарын иштеп чыгуу, окутуунун максат-мазмунуна толуктоо, тактоо киргизүү, окуу китебин түзүп, басып чыгаруу, уланмалуулук принцибинде окутуунун психологиялык негиздерин аныктоо сыяктуу проблемалар, али изилденип, аныктала элек. Бул изилдөөдө кыргыз тилин уланмалуулукта окутуунун жумушчу программасы иштелип чыгып, типтүү программанын негизи түзүлдү.

2. Лицей, колледждерде кыргыз тилин өнүктүрүп окутуу аркылуу инсанды калыптандыруу үчүн кыргыз тилин окутуунун максаты менен мазмунун так аныктап алуу менен аларды турмушка ашырууда эффективдүү формаларын, методдорун жана каражаттарын туура тандоо талабы коюлат. Мында кыргыз тилинин грамматикасына басым койбостон, аны окуучунун инсан катары калыптанышына өбөлгө болуучу каражат, булак катары окутууга өзгөчө маани берүү зарыл.

Кыргыз тилин окутуунун максаты кеңейип, ал окуучунун өзүн-өзү таануусунда, чыгармачылыгынын өсүүсүнүн, инсан катары калыптануусунун негизги каражаты катары окутууга тийиш. Албетте, бул максатка жетүүдө кыргыз тилин окутууда колдонулуп келе жаткан салттуу ыкмаларды мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болуп калышы мыйзам ченемдүү. Ошондуктан, окутуу процессине интерактивдүү ык жолдорду, каражаттарды колдонуу, дидактикалык оюндарды, интелектуалдык өнүгүүгө өбөлгө болуучу иш-чараларды киргизүү зарыл. Изилдөөдө кыргыз тилин окутуунун мазмуну аныкталып, окутуунун ык-жолдору, каражаттары иштелип чыкты.

3. Кыргыз тилин лицей, колледждерде окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгууда окутуунун дидактикалык принциптери сакталышы зарыл. Ошону менен бирге, үзгүлтүксүз билим берүү системасы кыргыз тилин окутууда уланмалуулук принцибине басым коюуну талап кылат.

Лицей, колледждерде кыргыз тилин өнүктүрүп окутуу, тажрыйбалуу окутуу жана максаттуу окутууну жүргүзүүнүн натыйжалуулугу өз практикабызда жана эксперименттик сыноолордо тастыкталды. Кыргыз тилин окутууда проблемалык методдорду колдонуу, текст менен иштөө, кептик түрдүү

кырдаалдарды түзүү менен лицейдин окуучуларынын, колледждин студенттеринин оозеки жана жазуу кебин өркүндөтүүгө жана социомаданияттык компетенцияларды калыптандырууга багытталышы зарыл деп эсептейбиз.

Кыргыз тилин окутуу коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруу менен өлкө таануучулук, маданият таануучулук жана социомаданияттык компетенцияларды калыптандырууга да маани берип, алар боюнча бирдиктүү жана алдын ала максаты так коюлган иш-аракеттерди жүргүзүү азыркы билим берүүнүн башкы талабы деп билебиз. Бул боюнча конкреттүү сунуштар иште берилди.

4. Үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун биз аныктаган педагогикалык негиздери менен шарттары алгылыктуу жана натыйжалуу экендиги педагогикалык эксперименттик иштердин жыйынтыктарында тастыкталды.

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:**

Жалпы жыйынтыктардын негизинде төмөнкүдөй практикалык сунуштар келип чыкты:

- Республикадагы бир катар ЖОЖдордо лицей, колледждердин ачылып, иштеп жаткандыгына байланыштуу алар үчүн кыргыз тилин окутуунун бирдиктүү окуу планын, ага ылайык типтүү окуу программасын иштеп чыгуу зарыл;
- лицей, колледждерде, ЖОЖдо кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун максаты менен мазмуну орто мектептен жана ЖОЖдун максат, мазмунунан айырмаланып, ал экөөнү бириктирүүчү, улантуучу звено катары каралышы талапка ылайык;
- кыргыз тилин лицей, колледждерде, ЖОЖдо окутууда тилдик жана коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруу менен чектелбей, тилди окутууну өлкөтаануу, маданияттаануу, маданияттар аралык байланышты чыңдоо маселелери да камтылышы учурдун талабы;
- лицей- колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасынын натыйжалуу иштеши үчүн бул багыттагы педагогикалык, психологиялык жана лингвоөлкөтаануучулук боюнча изилдөө иштерин тереңдетип жүргүзүү зарыл.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. **Айманбетова К.Ш.** Программы лицеев и колледжей при ВУЗах: окуу программасы.- [Текст] / К.Ш.Айманбетова. – Бишкек, 2001. – С.31.

2. **Айманбетова К.Ш.** Положение о внеклассной, обучающей педагогической практики для студентов 3-4 курсов по специальности «иностранные

языки» среднего профессионального образования. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова. – Бишкек, 2007. – С.30.

3. **Айманбетова К.Ш.** Методические указания по организации сквозной практики (ознокомительной, производственной, преддипломной) для 3 курса среднего профессионального образования. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова. – Бишкек, 2007.-С.30.

4. **Айманбетова К.Ш.** Рекомендации по организации научно-методической работы лицеев и колледжей при ВУЗах. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова. – Бишкек, 2002. – С.30.

5. **Айманбетова К.Ш.** Взаимосвязь интеграции школьных лицеев и вузов по формированию профессионального самоопределения учащихся в системе нерерывного образовании. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова// Вестник КГУ. – Бишкек, 2003 - № 6. –С. 28-34.

6. **Айманбетова К.Ш.** Развитие воспитания в лицее при ВУЗе. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова// Вестник КГУ. – Бишкек, 2003 - № 6. –С. 93-98.

7. **Айманбетова К.Ш.** Лицей при вузе-это эффективная форма повышения качества знаний на переходном этапе. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова// Вестник КГУ. – Бишкек, 2004 - № 3. –С. 29-32.

8. **Айманбетова К.Ш.** ЖОЖдун алдындагы лицей үзгүлтүксүз билим берүү башаты.- [Текст] / К.Ш.Айманбетова// КМУнун жарчысы. – Бишкек, 2005, Серия 5. Выпуск 4. - 17-21-бб.

9. **Айманбетова К.Ш.** Развивающее обучение как психологическая основа формирования личности лицейиста средствами иностранного языка. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова// В

10.

11.

12.

13.

14.

15.

16.

17.

18.

19.

20.

21.

22.

23.

24.

25.

26.
27.
28.
29.
30.
31.
32.
33.
34.
35.
36.
37.
38.
39.
40.
41.
42.
43.
44.
45.
46.
47.
48.
49.
50.
51.
52.
53.
54.
55.
56.
57.
58.
59.
60.
61.
62.
63.
64.
65.

66.
67.
68.
69.
70.
71.
72.
73.
74.
75.
76.
77.
78.
79.
80.
81.
82.
83.
84.
85.
86.
87.
88.
89.
90.
91.
92.
93.
94.
95.
96.
97.
98.
99.
100.
101.
102.
103.
104.
105.

106.
107.
108.
109.
110.
111.
112.
113.
114.
115.
116.
117.
118.
119.
120.
121.
122.
123.
124.
125.
126.
127.
128.
129.
130.
131.
132.
133.
134.
135.
136.
137.
138.
139.
140.
141.
142. Вестник КГУ. – Бишкек, 2006, Выпуск-4. –С. 20-22.
143. **Айманбетова К.Ш.** Лицей жаңы- типтеги жалпы билим берүүчү мекеме. - [Текст] / К.Ш.Айманбетова// Казакстандын жарчысы. Астана, 2007, Выпуск – 2. –С. 145-151.

144. **Айманбетова К.Ш.** Лицей при вузе – система непрерывного образования. -[Текст] / К.Ш.Айманбетова// вестник Казакстана. Астана, 2007ж., Выпуск -6. –С. 157-161.

145. **Айманбетова К.Ш.** Чет тилдин жардамы менен лицейисттин жекече психологиялык аң-сезимин өнүктүрүүчүлүк ыкма аркылуу калыптандыруу -[Текст] / К.Ш.Айманбетова// КМУнун жарчысы. Бишкек, 2010, Выпуск -2. – 38-43-бб.

146. **Айманбетова, К.Ш.** ЖОЖдун алдындагы колледж – үзгүлтүксүз билим берүү башаты. -[Текст] / К.Ш.Айманбетова// КМУнун жарчысы. Бишкек, 2010, Выпуск -6. – 55-58-бб.

147. **Айманбетова К.Ш.** Үзгүлтүксүз билим берүү системасындагы уланмалуулук принцибинин орду жана мааниси. -[Текст] / К.Ш.Айманбетова// КМУнун жарчысы. Бишкек, 2011, Выпуск -6. – 16-18-бб.

148. **Айманбетова К.Ш.** Үзгүлтүксүз билим берүүнүн педагогикалык табияты жана келечеги. -[Текст] / К.Ш.Айманбетова// Казахстан. Астана 2011, 1(25)-чыгарылыш. – 87-94-бб.

149. **Айманбетова К.Ш.** Лицейде, колледжде мамлекеттик тилди уланмалуулук окутуу. -[Текст] / К.Ш.Айманбетова// Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Бишкек, 2012, Атайын чыгарылыш. – 263-266-бб.

Айманбетова Калбүбү Шаршеновна 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча **“Лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу темадагы жазылган кандидаттык диссертациясына

## РЕЗЮМЕ


**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз тили, окутуу, үзгүлтүксүз билим берүү, уланмалуулук принциби, өнүктүрүүчүлүк, коммуникативдик компетенция, интерактивдүүлүк, маданият таануучулук, салттуу окутуу, лингво өлкө таануу.

**Изилдөөнүн объектиси:** лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздери.

**Изилдөөнүн максаты:** лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасында кыргыз тилин уланмалуулук принцибинде окутуунун азыркы талаптарга жооп берген методикасын иштеп чыгуу жана аларды эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү, колдонууга сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык, практикалык, эксперименталдык методдор изилдөөнүн максатына ылайык колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- үзгүлтүксүз билим берүү уланмалуулук принцибин теориядагы жана практикадагы азыркы абалы талдоого алынып, алардын негизинде аталган түшүнүктөрдүн илимий педагогикалык негиздеринин аныкталышында;
- лицей-колледждерде мамлекеттик тилди өнүктүрүүчүлүктө окутуу менен инсанды калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын иштелип чыгышында;
- лицей-колледждерде мамлекеттик тилди уланмалуулук принцибинде окутуунун илимий-методикалык негиздеринин азыркы талаптарга шайкеш иштелишинде;
- алынган натыйжалардын эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүүнүн практикада колдонууга сунуш кылышында.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** лицей-колледж-ЖОЖ үзгүлтүксүз билим берүү системасынын иштелип чыккан модели билим берүүнү, адистерди даярдоону ушул системада жүргүзүп жаткан ЖОЖдорого теориялык жана практикалык жактан көмөк көрсөтө алат. Аталган системада кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутууда иштелип чыккан инновациялык технологиялары, каражаттары окутуу процессин активдештирүүгө, натыйжаларга жетишүүгө кызмат кылат.

## РЕЗЮМЕ

диссертационного исследования Айманбетовой Калбүбү Шаршеновны на тему "**Научно-методические основы обучения кыргызскому языку на принципах преемственности в системе непрерывного образования лицей-колледж-ВУЗ**" на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызский язык)

**Ключевые слова:** кыргызский язык, обучение, непрерывное образование, принцип преемственности, развивающая, коммуникативная компетенция, интерактивность, культуроведение, традиционное обучение, лингвострановедение.

**Объект исследования:** – процесс обучения кыргызскому языку в непрерывной системе образования - лицей-колледж-ВУЗ.

**Предмет исследования:** научно-методические основы обучения кыргызскому языку на принципах преемственности в системе непрерывного образования лицей-колледж-ВУЗ.

**Цель исследования:** разработка методики обучения кыргызскому языку на основе принципов преемственности в системе непрерывного образования лицей-колледж-ВУЗ, отвечающей современным требованиям, рекомендации к применению.

**Методы исследования** – применены теоретические, практические, экспериментальные методы в соответствии с целями исследования.

**Научная новизна исследования:**

- анализ современного состояния теоретических и практических аспектов принципов преемственности в системе непрерывного образования, определение их научных педагогических основ;
- разработка педагогических условий обучения и формирования личности по развитию государственного языка в лицеях и колледжах;
- разработка научно-методических основ обучения кыргызскому языку в лицеях и колледжах на основе принципов преемственности, отвечающих современным требованиям;
- проведение полученных результатов через экспериментальный контроль и рекомендация к их применению.

**Практическая значимость исследования:** разработанная модель системы непрерывного образования лицей-колледж-ВУЗ окажет теоретическую и практическую помощь в обучении и подготовке специалистов. Инновационные технологии, разработанные в данной методике обучения кыргызскому языку в качестве государственного, поможет в активизировании учебного процесса и достижении ожидаемых результатов.

# RESUME

Aimanbetova Kalbubu Sharshenovna

**"The scientific-methodical bases of teaching the Kyrgyz language on the principles of succession in the system of continuous education Lyceum-College-Higher Educational Institution"**

The thesis is submitted to confer the Academic Degree of Candidate of Pedagogic. Specialty: 13.00.02 – the theory and methods of teaching and upbringing (the Kyrgyz language).

**Key words:** the Kyrgyz language, teaching, continuous education, principles of succession, developing, communicative competence, interactivity, culture studies, traditional teaching, linguistic area studies.

**The object of research:** the process of teaching the Kyrgyz language in the system of continuous education - Lyceum-College-Higher Educational Institution.

**The subject of research:** the scientific-methodical bases of teaching the Kyrgyz language on the principles of succession in the system of continuous education Lyceum-College-Higher Educational Institution.

**The aim of research** is to work out the methods of teaching the Kyrgyz language on the principles of succession in the system of continuous education Lyceum-College-Higher Educational Institution meeting the modern requirements, carrying out the experimental control, recommendation to their usage.

**The methods of the research:** According to the aim of the research have been used theoretical, practical and experimental methods.

**The scientific novelty of research:**

- analysis of the contemporary state of the theoretical and practical aspects of the principles of succession in the system of continuous education, defining their scientific-pedagogical bases;
- working out of pedagogic conditions of personality teaching and formation in the development of the state language at lyceums and colleges;
- development of the scientific-methodical bases of the teaching the Kyrgyz language in lyceums and colleges on the base of succession principles meeting modern requirements;
- carrying out the experimental control of the received results, recommendation to their usage.

**The practical significance of research** developed model of the system of continuous education Lyceum-College-Higher Educational Institution will provide theoretical and practical assistance in teaching and preparation the specialists. Innovational technologies worked out in the methods of teaching the Kyrgyz language as a state language, will help activate the educational process and reach the expected results.

25.05.2012-ж. басууга кол коюлду. Форматы 60X84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 1,5 б.т. Нускасы 100.
Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail.com